КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

"ПАМИР-АЛАЙ" АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"
МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ
"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА "ПАМИР-АЛАЙ"

---

**Памир-Алай айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 2- отурумунун**

**ТОКТОМУ**

**№ 10/1**

2024-жылдын 19-апрели

Сары-Таш айылы

***Жайлоого көчүрүү,жайлоодон көчүп келүү мөөнөтүн белгилөө жана айып пулдар жөнүндө***

1. Памир-Алай айыл өкмөтүнүн тургундары 2024-жылдын 15-майдан 25- майга чейин жайлоого көчүү, 2024-жылдын 15-сентябрынан көчүп келүү жагы белгиленсин.

2. Сырттан алып келген малдарды айылга киргизбей, алыскы жайыттарга, жайлоолорго көчүрүлсүн. Жакынкы жайлоолоруна отургандарга жана жайлоодон белгиленген мөөнөттөн эрте көчүп келгендерге **5000-10 000** сомго чейин, ал эми айдоо жерлерге, үлүш жерлерге түшкөн ар бир малдын башына **500** сомдон айып пул салынсын.

3. Кароосуз, өз билемдик менен сырттан алынып келинген мал-жандыктардын санын каттатпай, айыл өкмөттүн жайыт комитеттери менен келишим түзбөстөн жана ветеринардык көзөмөлсүз киргизген ар бир жылкы жана ири мүйүздү малдын башына эң төмөнкү көрсөткүч **500** сом ал эми майда жандыктын башына **100** сомдон **5** эсептик көрсөткүч өлчөмүнө чейин жазана салынсын.

4. Белгиленген мөөнөттө жайлоого көчүрүү, айдоо жерлерге, үлүш жерлерге түшкөн малды көзөмөлдөө жагы Памир-Алай айыл өкмөтүнүн жер адиси Ибраим уулу Уланбекке, айыл башчыларына жана жайыт комитеттерине жүктөлсүн.

Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Транспорт,коммуникация,курулуш, жерге жайгаштыруу,электр тармагы,айыл чарбасы, жайлоо, жайыт жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **Н.Койчуман уулу**